| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясынын**

**№ 5 ТОКТОМУ**

31.01.2025-жыл

Арал айылы

**Атай айыл аймагына тиричилик таштанды калдыктарын таштоочу жай ачуу жөнүндө**

Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 23.01.2025-жылдагы №01-12/155 сандуу чыгыш катынын негизинде Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышын) кезектеги VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Атай айыл аймагына тиричилик таштанды калдыктарын таштоочу жай ачуу үчүн №703 контурунан 1,10га жер аянты Жер кодексине ылайык мыйзамдаштырылып берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.02.2019-жылдагы "Кум-шагыл аралашмасын жана чопо топурак казып алуу укуктарын мамлекеттик каттоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомунун негизиндеги №703 контурдагы карьерди тиричилик таштанды төгүүчү жайга которууга (трансформациялоо) документтерин даярдоо жагы жер адис П.Наймановага милдеттендирилсин.

3. Токтомду жер ресурстары мамлекеттик агенттигинин Тогуз-Торо филиалынан каттоодон өткөрүү жагы Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевке милдеттендирилсин.

4. Кабыл алынган токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын.

**5.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Муса уулу Жанайга тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**